TURKPA
PARLIAMENTARY ASSEMBLY OF TURKIC-SPEAKING COUNTRIES

Экономикалык кызматташтык боюнча комиссия

Сунуштама

COM/EC/ REC/001/FINAL

**АЛТЫНЧЫ ЖЫЙЫН**
*27-СЕНТЯБРЬ, 2018-ЖЫЛ, АНКАРА ШААРЫ*

# ТҮРКПА ӨЛКӨЛӨРҮНДӨ ИННОВАЦИЯЛЫК ИШКЕРДИКТИН КЕЛЕЧЕГИ

Парламенттик Ассамблея:

Инновацияларга салынган инвестициялар боюнча жүргүзүлгөн теориялык жана практикалык иликтөө кийинкидей тыянактар менен сунуштамаларга алып келди.

- Бүгүнкү күндө ТҮРКПА өлкөлөрүнүн инвестициялык саясатка карата жаңыча мамилеси экономикада түзүмдүк зарыл жылыштарды жасоонун жана мүчө-мамлекеттердин алдында турган коркунучтар менен тобокелчиликтерге адекваттуу жооп кылуунун маанилүү инструменти болуп саналат. Мындай жаңы мамилелердин бири болуп салымдардын көлөмүн көбөйтүүгө эмес, эң алгач сапатты жакшыртууга жана инновациялык багыттагы инвестициялык ресурстардын түзүмдүк ар түрдүүлүгүн кеңейтүүгө басым жасоо саналат.

- Инновациялык инвестициялар – инновациялык ресурстарды кайта өндүрүүгө салынуучу каражаттар же кайта өндүрүү процессинде өндүрүштү сандык дагы, сапаттык дагы жактан жакшыртуучу (техника, технология, жаңы квалификациялуу жаңы кадрлар, маалыматтык ресурстар, интеллектуалдык ресурстар ж.б.) инновация түрүндө алынган каражаттар.

Tel:+99412 5635835 | Fax:+99412 5635834 | info@turk-pa.org | www.turk-pa.org | /turkpaorg /TURK_PA
Address: 106, S.S Akhundov str., microdistrict 7, AZ1116, Binagadi / Baku / Azerbaijan

• ТҮРКПА өлкөлөрүндөгү чакан жана орто бизнестин (ЧОБ) инновациялык технологиялар жаатындагы артыкчылыктарын ишке ашыруунун натыйжасында ар бир мүчө-мамлекеттин экономика, салык салуу, илим жана билим тармактарындагы ченемдик-мыйзамдык базасын парламенттик жана ошондой эле ТҮРКПАнын парламенттер аралык аянтчасында сунуштарды иштеп чыгуу аркылуу жакындаштыруу керек.

• Инвестициялык-инновациялык чөйрөнү уюштуруу жана стимулдаштыруу үчүн мамлекеттик колдоонун кийинкидей ыкмаларын колдонуу зарыл: түз каржылоо, жеңилдетилген шарттардагы бюджеттик ссудаларды берүү, салык преференцияларын белгилөө, башка ойлоп табуулардын түрлөрү боюнча патенттик төлөмдөрдү төлөөнүн мөөнөтүн узартуу, тездетилген амортизация ж.б.

ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдө инновациялык өндүрүш жаатындагы мыйзам базасын өркүндөтүү максатында ТҮРКПАнын Экономикалык кызматташуу боюнча комиссиясынын мүчөлөрүн жана тиешелүү эксперттерди инновациялык жана жогорку технологияларды өнүктүрүүнүн локомотиви болуп саналган эл аралык экономикалык тематикалуу форумдарга жөнөтүп туруу зарыл. Бул азыркы учурдун талабы.

• Инвестициялык-инновациялык ишмердикти активдештирүүнүн маанилүү механизмдери болуп төмөнкүлөр саналат:

- венчурдук фонддор, камсыздандыруу компаниялары жана коммерциялык банктар менен катар катышууга боло турган венчурдук каржылоо;

- баардык региондордо жагымдуу инвестициялык климат түзүү. Анткени өлкө экономикасына инвестиция тартуунун жагымдуулугу менен максаттуулугу экономикалык, социалдык, саясый, укуктук, уюштуруучулук жана башка шарттардан көз каранды.

- негизги фонддордун жаңыланып туруусун шарттоо, илимий- изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге (ИИТКИ) жумшалчу чыгымдарды жогорулатуу, өндүрүшкө продуктулук инновацияларды киргизүү максатында салык түйшүгүн жеңилдетүүнүн негизинде ишканаларга экономикалык жагымдуу шартты түзүп берүүгө багытталган стимул берүүчү салык системасы;

- жогорку технологиялуу багыттардын өнүгүшү менен байланышкан инновациялык долбоорлорду каржылоо;

- илимий изилдениши көп каржыны талап кылган (наукоемкий) жабдуулар менен шаймандардын лизингин өнүктүрүү үчүн капиталды мобилизациялоо;

- инвестициялык-инновациялык программалар менен долбоорлорду бюджеттик каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырууга чакан ишкерчиликтин катышуусуна колдоо көрсөтүү;

- мүчө-өлкөлөрдүн инженердик-техникалык кадрларынын жана ошондой эле илим изилдөө жана тажрыйба- конструктордук институттарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу.

Жогоруда саналып өткөн механизмдердин баары жалпы инвестициялык-инновациялык программанын алкагында жана ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн колдоосу астында каралышы керек.